КУЛАК КАГЫШ












# Коллекциялык монетанын беш түрү чыкты

***Кече күнү КРнын Улуттук банкы тарабынан коллекциялык монеталардын беш түрү жүгүртүүгө чыгарылды. Бул тууралуу өткөн аптанын жума күнүндө "Кабар" маалымат агенттигинде Улуттук банктын накталай акча башкармалыгынын эксперименталдык бөлүмүнүн начальниги Алексей Филеев менен ушул эле бөлүмдүн башкы экономисти Ашыралиева Медина билдирди.***







Алардын айтымында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2014-жылдын 11-августунан тартып, Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнү маарекесинин урматына коллекциялык монеталардын беш түрүн: Кыргызстандын тарыхый жана архитектуралык эстеликтери" сериясындагы күмүш жана жез-никелден жасалган "Манастын күмбөзү" монетасын, "Кыргыз каганатынын доору" сериясындагы "Барсбек – кыргыз каганы" күмүш жана жез-никелден жасалган монетаны, ошондой эле "Кыргызстандын Кызыл китеби" сериясындагы "Үкү" күмүш монеталарын жүгүртүүгө чыгарат.

«Манас» күмбөзүнүн сүрөттөлүшү жана "Манас" эпосунун училтигинде баяндалган сюжеттер "Манастын күмбөзү" монетасынын негизги элементи болуп саналат. Жогорку жагында монетанын аталышы, сапаты жана салмагы (Ag 925/28,28 г.), ал эми төмөн жагында кыргыз элинин кол өнөрчүлүк чеберчилигинен жаралган оюу-чийимдердин алкагында монетанын номиналы (10 сом /1 сом) көрсөтүлгөн. Монетанын арткы бетинде Кыргыз Республикасынын герби, "Манас" күмбөзүнө түшүрүлгөн оюу-чиймелер, "Кыргызстандын тарыхый жана архитектуралык эстеликтери" аталышындагы монетанын сериясы жана чыгарылган жылы (2014) чагылдырылган.




Ат үстүндө, курал-жарагы шайма-шай, тегерекке көз чаптырып турган кыргыз жоокеринин таасирдүү элеси "Барсбек – кыргыз каганы" монетасынын негизги сюжетин түзөт. Монета бетине түшүрүлгөн жоокердин элеси - учурунда кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына жана бекемделишине олуттуу салымын кошкон Барсбек – кыргыз каганынын элестүү образы. Негизги сүрөттөлүштөн кийинки экинчи планда кас-катар, кылкылдап бара жаткан көп сандаган жоокерлер, монетанын жогорку бөлүгүндө жоокерлерди улуу жүрүшкө баштап бара жаткандай элес калтырган, илбирстин баш келбети түспөлүндө булуттардын сүрөттөлүшү - кагандын аллегориялык образын чагылдырат. Монетанын алдыңкы бетинде анын аталышы, Барсбек кагандын бийлиги өкүм сүрүп турган кылымдын рим цифрасында берилиши, монетанын номиналы (10 сом /1 сом), металлдын сапаты жана салмагы (Ag 925/28,28 г.) көрсөтүлгөн. Монетанын арткы бетинин чок ортосунда, улуттук оюу-чийимдин алкагында Кыргыз Республикасынын герби, жогорку бөлүгүндө "Улуу Кыргыз каганаты" сериясынын аталышы, ал эми төмөнкү бөлүгүндө монета чыгарылган жылы (2014) түшүрүлгөн. Монетанын күңүрт актай бетинде атчан жоокердин - Барсбек – кыргыз каганынын элестүү образы өзгөчө технология менен оюп басылышы, күмүш монетанын өзгөчөлүгүнөн.

"Кыргызстандын Кызыл китеби" сериясы "Үкү" коллекциялык монетасы менен толукталат. Бийик тоолуу кыргыз жеринин керемет кооз сүрөттөлүшүндө үкүнүн түстүү тампондук басуу ыкмасында чебер чагылдырылган сүрөттөлүшү, монетанын сюжетинин өзөгүн түзөт. Монетанын алдыңкы бетинде анын аталышы кыргыз тилинде - "Үкү" жана "Bubo Bubo" - латын тилинде берилген. Металлдын сапаты жана салмагы (Ag 925/28,28), анын номиналы (10 сом) да алдыңкы бетте көрсөтүлгөн. Монетанын арткы бетинде Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү чагылдырылган сүрөттөлүштүн алкагында "Кыргызстан Кызыл китеби" сериясынын кыргызча аталышы, Кыргыз Республикасынын герби жана монета чыгарылган жыл (2014) берилген.

Ар бир күмүш монета акрил капсуласы мене капталып, сапаттык сертификаты тиркелип, өзүнчө кутучаларга салынган.

"Аталган жыйындылардын 2 түрүн, тактап айтканда, "Манастын күмбөзү" жана "Барсбек-кыргыз каганы" тыйындарын Казакстандын зерканасынан чыгардык. Алар тендерди жеңип алышкан. Ал эми "Үкү" коллекциялык тыйыны Словакиянын зерканасында жасалды", -деди А.Фалеев.




*Коллекциялык монеталардын мүнөздөмөлөрү*

| Монетанын аталышы | Номиналы | Металлы (пробасы) | Кошумча технологиялар | Салмагы | Диаметри | Сапаты | Нускасы (даана) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Барсбек-кыргыз каганы | 10 сом | Күмүш 925° | Оксидирлөө технологиясы | 28, 28 г | 38, 6 мм | "uncirculated" | 2 000 |
| | 1 сом | Жез-никель | - | 12, 0 г | 30, 0 мм | "brilliant uncirculated" | 5 000 |
| Манастын күмбөзү | 10 сом | Күмүш 925 | - | 28, 28 г | 38, 6 мм | "proof" | 2 000 |
| | 1 сом | Жез-никель | - | 12,0 | 30, 0 мм | "brilliant uncirculated" | 5 000 |
| Үкү | 10 сом | Күмүш 925 | Түстүү тампондук басма | 28,28 г | 38,6 мм | "proof" | 3 000 |

Бардык монеталар Кыргыз Республикасынын аймагында расмий төлөм каражаты статусуна ээ.

**Айтилек МЕЙМАНОВА**